ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

АБДЫРАЗАКОВ
nbknu@mail.ru

Ч.АЙТМАТОВДУН ДРАМАТУРГИЯДАГЫ ЖАҢЫЧЫЛДЫГЫ

Моралдык-нравалык теманын азыркы кыргыз драматургиясында өзгөчө терең социалдык-философиялык жалпылоолорго алынып, новатордук жанрдык-стилдик формада чечмелениши Ч.Айтматовдун казак драматургу К.Мухамеджанов менен биргелешип жазган «Фудзиямада кадыр түн» аттуу жанры боюнча социалдык-психологиялык драмасынан даана көрүндү. Драма нравалуулук проблемасынын кыргыз драматургиясында терең көрүнүшү гана эмес, дүйнөлүк масштабда глобалдуу проблеманы, «канткенде адам улуу адам болот?» маселесин жалпы адамзат алдына курч жана конкреттүү коюшу, дүйнөлүк окурмандарды, көрүүчүлөрдү ынандырышы менен идеялык-эстетикалык жогорку сапатка ээ.

Ч.Айтматовдун бул алгачкы драмасын анын прозаларында эволюция лык өнүгүүдө келе жаткан көркөм ойлоо принцибинен, идеялык- эстетикалык көркөм позициясынан, методунан, жалпы эле идеялык-көркөм системасынан бөлүп кароого болбойт. Ал тургай журналисттик, публицистикалык эмгектеринин да драмага тиешеси бар экенин баса белгилөө талап кылынат. «Фудзиямада кадыр түн» драмасынын козгогон проблемаларынын социалдык-философиялык жактан мотивировкаланышы на да, идеялык мазмундун терендигине да, жанрдык-стилдик уюшулуш структурасына да, анын мурунку чыгармалары топтогон көркөм традициясынын таасири зор.

Ч.Айтматовдун драматургияга келишинин да ошол прозасы, публицистикасы, топтогон көркөм традициясына тыгыз байланышкан обңективдүү себептери бар. Ал себеп, биринчиден, Ч. Айтматовдун турмуштук фактыларды, обңективдүү чындыкты жалпылаштыруудагы көркөм ойлонуу психологиясынан ачык байкалат.

Ч.Айтматовдун эстетикалык кругозорунун бийиктиги, профессионалдык сабаттуулугу, турмуштун философиялык маңызын терең кабылдоосу жана аны бүгүнкү күндүн бийиктигинен баалай билиши анын аң-сезиминде синтетикалык ойлоонун өзгөчө манерасын, принцибин жаратты. Ал принцип Ч.Айтматовдун эпикалык жана драмалык уруулардын көркөм каражат тарынын, формаларынын ажырагыс синтези аркылуу образдуу көркөм ойлоо өзгөчөлүгүнө тыгыз байланышат. Бул өгөчөлүк Ч.Айтматовдун прозаларындагы эпикалык көркөм каражаттар менен катар эле драма урууcуна мүнөздүү драматизмдин күчтүүлүгү, курч конфликт, диалог, монологдордун арбындыгы жана аракет кыймылдуулугу каармандардын ички дүйнөсүн түгөл ачып, мүнөз өзгөчөлүктөрүн таасын көрсөтүүдөн бизге дайын болот.

Ошондуктан Ч.Айтматовдун прозаларынын улам кийинкилери сахна лаштырууга жана экрандаштырууга өтө эле оңой жана жакын келип, көлөмү чакан, бирок чоң мазмун сыйдырылганы драмалык лаконизмге жана сүрөт төө принциптерине эң эле чукулдап келет. Мына ушундай эволюциялык зарылдыктын инерциясы Ч.Айтматовду турмуш чындыгын драмалык көркөм ойлоого, драматургиянын көркөм каражаттары менен лакондуу, кыска, бирок ойду толук айтуу формасына кайрылууга мажбурлап, аны табигый түрдө чоң драматургияга алып келди.

Ч. Айтматов драматургияга алгачкы ирет келишинде да мурунку көркөм сүрөттөө принциптеринен, формаларынан кол үзбөстөн туруп андан ары терендетип жаңыча улантты. Ал өзүнүн прозалык чыгармаларындагыдай эле элдик традицияны «Фудзиямада кадыр түн» драмасында да композициялык ыкма катары мазмунга ылайык чебер колдонот.

Кыргыз элинин эзелтеден бери келе жаткан улуттук мыкты традицияларынын бири - меймандостук. Босогону аттап кирген адамды мейли ал таанышпы, же жөн эле

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жолоочубу, баары бир дасторкон жайып, колдо бар тамагын аябастан чын ниети менен ачык-айрым сырдашып, терең урматтаган. Мына ушул салт бүгүнкү турмушубузга ылайык жаңыланып, драманын композициялык структурасына көркөмдүк милдет аткарган ыктуу форма катары кирет. Окурмандарга жана көрүүчүлөргө анча деле көп байкалбаган бул форма аракет кыймылдын жыйынтыктуу жана ireттүү өтүүчү ордун аныктай алган. Көптөн бери кездеше элек курбуларды Досбергендин меймандостугу, дасторкону бириктирет. Дасторкон жайылып, тамак-аш жайноо менен бирге эле каармандардын ар кыл сапаттары, турмушка көз караштары, ички дүйнөлөрү да кошо жайыла ортого салынып, драманын акырына дейре социалдык-психологиялык терең талдоолордон өтүп, дасторкондун жайылышына чейин толук ачылат. Чындыгында эле ар түрдүү аймакта иштешкен жолдошторду бир жерге баш коштурган негизги себеп, аракет кыймылды уюштуруучу мүнөзгө ээ болгон көркөм факт «Фудзияма» чокусу эмес, меймандостук, дасторкон болуп эсептелет. Ошону менен эле катар шарттуу түрдө драманын каармандары атап коюшкан «Фудзияма» чокусунун да аракет кыймылдын өнүгүшүндө аздыр-көптүр ролу бар экенин тануугa болбойт.

«Фудзияма» чокусу тууралуу драмада өзүнчө бир чоң эпизод берилип, ага чыккан адамдардын ачык айтып, ак сүйлөөсү, сыр жашырбоосу жөнүндө сөз болот, Каармандардын ичтеги катылып жаткан сырларын жашырбай ачык айтууларына көркөм шарт, ыңгайлуу атмосфера түзүүдө «Фудзияма» символикасы жана дасторкондун жайылышы эң эле ишенимдүү көркөм каражат катары кызмат аткарат. Дасторкон менен «Фудзияма» чокусу композициялык ийкемдүү форма катары бири-бирине өтүшүп, аракет-кыймылдын өтүүчү ордун уюштуруу менен бирге, анын өнүгүшүнө да аздыр-көптүр өз таасирлерин тийгизет.

«Фудзиямадай» ак ниеттиктин, чынчылдыктын, ачыктыктын чоку- сунда, ичимдиктери жайнаган дасторкондун айланасында каармандар дын өздөрүн толук эркин сезишип, ачык айтышууларынан жана полемикалуу дискуссияларынан келип чыккан социалдык-психологиялык, нравалык-фило- софиялык конфликттер алардын мүнөздөрүнүн, нравалык сапаттарынын толук түрдө ачылышына алып келген. Демек, бул композициялык ыкма лар драматургдардын стилдик көркөм табылгалары катары каармандардын жашоо, ойлонуу, аракеттенүү, өзүн-өзү ачуу аянтчаларынын табигыйлыгын жана реалдуулугун белгилей алат.

«Фудзиямада» дасторкондун айланасындагы диалогдор, полилогдор, курч репликалар эзелтеден келе жаткан дагы бир улуттук фольклордук традициядан чебер өздөштүрүлгөн «чечендер айтышы» формасынын новатордук үлгүсүндө өнүгөт да, бара-бара жаңы формага, «айтыш-диспут формасына айланат. Публицистикалык тондогу «айтыш-диспут» формасы драманын жанрдык, композициялык биримдигин аныктап, каармандардын ички дүйнөсүн анализдөөдө, мүнөз түзүүдө, мазмунду ачууда адекваттуу стилдик ыкма катары эстетикалык көркөмдүк касиетке ээ.

Демек, Ч. Айтматовдун элдик традицияны, фольклордук көркөм каражаттарды доордун мүнөзүнө, учурдун эстетикалык талабына ылайык драмада да чебер колдоно билүүсү анын, профессионалдык көркөм сабаттуулугунун бийиктөөсүнүн ачык далили болуп калды.

«Айтыш-диспут» формасындагы композициялык ырааттуулуктун алкагында драмада аракет кыймыл логикалуу өнүгөт. Биринчи эле бөлүмдүн башталышында драманын бүткүл каармандары менен тааныштыруу экспозициялык прициптин реалдуулугун аныктайт. Эпизоддор аралык байланыш жана өткөндү каармандар тарабынан кайрадан эске түшүрүүчү сценалар традициялуу формада да, киномонтаж принцибинде да байланыштырылат. Композициялык техникалык шарттуу ыкмалар эчак өткөн окуяны синтездөөдө чебер колдонулган.

Айша апанын согуш кезиндеги турмушту элестетүүсү «сахнадагы сахна» принцибинде көрсөтүлүп, драманын жалпы ансамблине жиги билинбей ыктуу ширетилет. Айрым учурда кээ бир каармандардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирип анализдөө

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

максатында топтон бөлүп, көрүүчүлөргө өтө жакын алып келүү ыкма[illegible] кинематографияга мүнөздүү ыкмалардын, көркөм каражаттардын жардамы менен жалпы жана орто пландан бадырайта чоң, ирдүү планга чыгарып көрсөтүү аркылуу алардын мурун көрүнбөгөн моралдык турпатын, жаңы мүнөз белгилерин ачат. Драманын биз белгилеп өткөндөй композициялык образы, стили жанрдын ички структурасынын терең тутумдаша чырмалышын камсыз кылган.

Драмада чиеленишкен татаал сюжеттик сырткы окуялуулук жок. Күндөлүк турмушта кездешкен жөнөкөй эле көрүнгөнсүгөн маселелердин айланасындагы талаш-тартыштан терең философиялык, социалдык нравалык проблемалар, курч конфликт өсүп чыгат.

Аракет кыймыл бир суткага жетпеген убакыттын ичинде, бир эле орунда күчтүү концентрацияланып, курч конфликтте, өтө чыңалган ритмде, динамикалуу өнүгүүдө өтөт.

«Фудзиямада кадыр түндүн» речтик стили терең мазмундуу келип, моралдык-нравалык, социалдык-философиялык, граждандык, публицисти- калык полифониялуу ойлорго бай. Ар бир реплика, фраза образдуу, аракет кыймылдуу, сахнага төп келишип, автордук позицияны так берүүчү стилдик уюшулушка ээ. Ошону менен катар айтыш формасындагы диспуттан улам аракет кыймыл күч алып, курч репликалар каармандар аралык өз идеялык позицияларын коргоо куралы катары бири-бирине каршы таамай «атылып», социалдык-нравалык, нравалык-психологиялык конфликттердин өсүшүнө алып келет. Каармандардын оозунан чыккан ар бир фраза, реплика максаттуу аракетке жумшалып, улам жаңы проблеманы, курч драматизмди, философиялык, социалдык жаңы ойлорду чубап чыгат да, көп пландуу, подтексттүү речтик жаңы-жаңы фразалардын табигый түрдө уюшула беришин тездетет.

Каармандардын речтеринде автордук позиция бир кыйла күчтүү берилгендиктен автордун үнү менен каармандардын үнү куюлуша биригет да, интеллектуалдашкан публицистикалык тон пайда болуп, драмада доминанттык стилдик мүнөзгө ээ болот. Публицистикалык стилде таамай айтылган репликалар каармандардын өзүн-өзү жана бири-бирин ачууга түздөн-түз багытталат. Ар бир каармандын речи анын ким экенин, нравалык сапатын гана айгинелеп тим болбостон, мүнөз өзгөчөлүктөрүн да таамай ачат.

«Фудзиямада кадыр түндө» башка драмалардагыдай борбордук башкы каармандар жок. «Фудзияма» чокусундагы дасторкондун айланасында канча персонаж олтурса, ошонун баары драманын жанрдык, композициялык формасына, стилине ылайык бип-бирдей укуктан пайдаланышып, «айтыш- диспутка» бирдей катышат. Ал тургай драмага катышпаган Сабыр да ушул принципке ылайык каармандар арасында улам эскериле берет. Сабырдын да мүнөз өзгөчөлүктөрүнөн, нравалык турпатынан башка каармандардын эскерүүлөрү, талаш-тартыштары аркылуу кабардар болобуз.

Каармандарга нравалык баа берүү, аларды турмуш чындыгынын тигил же бул татаал шарттарында сыноо драмада негизинен үч раунд боюнча жүргүзүлөт да, тарых илиминин доктору Иосиф Татаевичтин, жазуучу Исабектин, актриса Гүлжандын, агроном Досбергендин, тарых мугалими Мамбеттин, география мугалими Алмагүлдүн, врач Анвардын, пенсионер Айша апанын адамдык сапаттары бүгүнкү күндүн жогорулатылган нравалык критерийинен туруп терең талдоого алынат.

Драманын биринчи бөлүмүндөгү «айтыш-диспутта», каармандардын ички дүйнөсүн, адамдык табияттарын изилдөөнүн биринчи раундду, ал эми экинчи бөлүмүндө экинчи, үчүнчү раунддары өз ара ыктуу чиеленише бирин-бири улап, аракет кыймылдын интенсивдүү өнүгүшүн, ойдун терендешин, мазмундун ачылышын шарттайт. Биринчи раундда адабият менен искусство, илим, кесипчилик, адамдын жашоодогу орду, күндөлүк турмуш-тиричилик маселелери, байлыкка карата көз караштардын, мамилелердин айланасында «айтыш-диспут» жүрсө, экинчи раундда Сабырдын кейиштүү тагдырына байланыштуу ар кимдин күнөөсүн териштирүү курч мүнөзгө өтүп, каармандардын ички дүйнөсүнө жүргүзгөн психологиялык анализ мурункудан да терендетилет. Ал эми үчүнчү жыйынтыктоочу раундда «Фудзияма» чокусунан таш кулатуу оюнунан, келип чыккан

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

трагедиялуу ситуациянын натыйжасында учурдун духу менен жашаган Мамбеттин, Алмагүлдүн адамдык гуманисттик бийик сапаттары, кыйынчылыктарда өз башынын гана камын ойлошкон халтурщик Исабектин, өзүмчүл Иосиф Татаевичтин, жеңил ойлуу Анвардын, өз максаты үчүн чечкиндүү аракеттене албаган, ыкшоо Гүлжандын нравалык пастыгы өзгөчө интенсивдүү ритмде даана ачыла түшөт.

«Фудзиямада кадыр түн» социалдык-психологиялык драмасынын эң негизги мазмунун түзгөн ыймандын тазалыгы, чынчылдык, ак ниеттүүлүк, адамдын адам алдында жоопкерчилиги жана анын коом менен байланышы, инсандардын моралдык-нравалык турпатын иликтөө жана ага баа берүү, ошондой эле өзүмчүлдүктүн, чыккынчылыктын бетин ачуу сыяктуу проблемалар каармандардын мүнөздөрүнө социалдык-философиялык, нравалык-психологиялык терең анализ берүү жолу менен публицистикалык-аналитикалык стилде ар тараптан кенен ачылат. Бул башкы проблемалык линиялар менен катар учурга мүнөздүү бир канча курч коюлган орундуу маселелер да козголот. Мында нравалык-философиялык, социалдык- психологиялык проблемаларды көркөм чечмелөөдө ичкериден уюшулуп акырындап ачыкка көтөрүлгөн интеллектуалдуулукка ширелишкен публицистикалык тон көркөм формапарды ажырагыс биримдикке айландырып, жанрдын ички структурасын чың уюштуруучу негизги стилдик мүнөзгө ээ болот. Натыйжада, драманын бүткүл формалдык структурасынын кыймылдаткычы «жаны» катары активдүү кызмат аткарган публицис тикалык-аналитикалык стиль психолог-драматургдардын чындыкты жана адам жанынын ички тереңдеги сырларын социалдык-психологиялык жактан терең талдоонун «электрондук кардиограммалык» маанилүү аспабына айланган.

Демек, Ч.Айтматовдун прозаларынан, публицистикаларынан өсүп чыккан психологиялык анализ, интеллектуалдуулук, социалдык- философиялык тереңдик, публицистикалык көтөрүңкү тон драманын жанрдык-стилдик уюштурулушунда да өз ордун тапканы көрүнүп турат. Турмуш чындыгына, адамга карата интеллектуалдуу, публицистикалык- аналитикалык мамиле драмадагы социалдык-философиялык, гуманисттик, нравалык проблемаларды каармандардын өткөн турмушка ой жүгүртүп, бүтүм чыгаруулары, алардын мүнөздөрү аркылуу логикалуу терең ачууга кызмат кылган.

Ар бир каармандын турмуш чындыгына, адамга, коомго мамилеси, көз карашы, идеясы, алардын ар биринин өзгөчөлөнгөн турмуштук концепциясын белгилейт, Мына ушул концепциялардын ар түрдүүлүгүн терең талдоодо жана ачууда драманын жанрдык стилдик структурасынын ар бир элементи ишенимдүү көркөмдүк милдет аткарып турат. Ошондуктан драманын тулку бою улуттук боекко сугарылса да, сүрөткерлөрдүн идеялык - эстетикалык позицияларынын, социалдык-философиялык көз караштарынын, көркөм ойлоо масштабынын кеңирилигинен турмуш чындыгын терең, жеткиликтүү мотивировкалоонун, жалпылаштыруунун натыйжасында драманын мазмуну жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ болуп, улуттуктан интернационалдык бийик пафоско өсүп жеткен.

Драмадагы интернационалдык пафос интеллектуалдуу башталмадагы публицистикалык стилде жалпы адамзаттын алдына реалдуу гуманизмдин нравалык принциптерин курч коюп, «адам уулун адам болууга», тынчтыкта жанаша жашоого, достукка, кызматташтыкка чакырып, цивилизацияны ядролук кыйроодон түбөлүк сактап калуу идеясын дүйнө элдерине жарыя кылат.

Албетте, бул идеялык позиция драмада алдыңкы планда ачык берилбейт. Биз аны Айша апанын согуш туурасындагы эскерүүлөрүнөн, Сабырдын «Канткенде адам уулу адам болот?», «Добулбастын үнү басылганда» деген ырларынын мазмунунан жана каармандардын диалогдорунун подтексттеринен, экинчи пландан, ичкериден табабыз. Ушул оюбузду дагы бир аз улантсак, драмадагы көп пландуулук, речинин полифониялуулугу, мазмундун масштабынын кеңдиги азыркы учурда жалпы адамзат кечиктирбей чече турган глобалдуу проблема ларга, ядролук куралдарды жок кылуу, жаратылышты коргоо маселелерине дейре ой жүгүртүүгө чейин мажбурлаган идея тереңде анча байкалбаган каналдар аркылуу, ичкериден тутумдашкан интеллектуалдуу подтексттер аркылуу берилип, публицистикалык тондо, «адам уулун гумандуу адам

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

болууга», ушул кечиктирилгис проблемаларды ынтымакта, биргелешип чечүү чакырып тургандай мотивге ээ экенин байкоо кыйын эмес. Бул подтекстгер театрлардын көркөм трактовкалоосунда чебер интерпре- тациялана турган кошумча тематика болуу менен бирге драманын интернационалдык пафосунун реалдуулугун жана турмуштук негизин бекемдөөчү фактор боло алат.

Демек, драмада бүткүл адамзат алдына курч коюлган «Канткенде адам улуу адам болот?» деген чоң суроо алдындагы идеялык позициянын, подтексттин, нравалык проблеманын көп маанилүүлүгү ар бир окурмандын, көрүүчүнүн жогоркудай кеңири масштабдуу ой жүгүртүүлөрүнө табигый түрдө стимул боло алат. Ошондуктан «Канткенде адам улуу адам болот?» деген проблемалуу фраза нравалык-философиялык теманы көркөм чагылдырууда бүгүнкү прогрессивдүү дүйнөлүк адабияттын чыгармаларынын программалык эпиграфы катары колдонуларлык мазмунга ээ. Анткени азыркы дүйнөдө прогрессивдүү адамзат өзүнүн мурун басып өткөн тарыхына кайрылып, өткөндү терең андап таануу менен коомдук өнүгүүнүн мындан аркы прогрессивдүү жаңы жолуна түшүү үчүн империализмдин, колониализмдин чынжырын үзүп жаткан кезде гуманизм, адамдардын нравалык тазалыгы иштин ийгилиги үчүн өтө зарыл.

Чындыгында эле, адамдардын нравалык-гуманисттик изденүүлөрүн чагылдырган кыргыз адабиятынын мыкты үлгүлөрү, анын ичинде Ч.Айтматовдун чыгармалары да дүйнөлүк окурмандарга оң таасирин тийгизүү менен бирге алардын прогрессивдүү-гуманисттик аң-сезимдерин ойготууда. Бара-бара прогрессивдүү адамзат жеңишке ээ болуп, гуманисттик позициядагы адамдар дүйнө жүзүн бүтүндөй ээлеген кезде адилет, гумандуу тынчтык саясатынын жер шарына салтанат курушу бүгүнкүдөн да жогорулап, тынчтыкты, цивилизацияны сактоо проблемасы толук жана биротоло чечилиши шексиз.

«Фудзиямада кадыр түн» социалдык-психологиялык драмасында учугу ушуга чейин кенен ой жүгүртүүгө багыт берген мазмунунун полифо ниялуулугу, проблемаларынын масштабдуулугу жана алардын жеткилик түү көркөм чечмелениши драматургдардын публицистикалык-аналитика лык стилинин идеялуулугун, ошондой эле жогорку сапаттагы реалдуулугун таасын аныктайт. Мына ушундай жанрдык-стилдик өзгөчөлүгү менен драма өзүнүн көтөргөн проблемаларын окурмандарга, көрүүчүлөргө түгөл ачып берип, идеялык-эстетикалык терең таасир берүү мүмкүнчүлүгүнө толук жетишкен.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Фудзиямадагы кадыр түн // Делбирим. –Фрунзе, 1981.
2. Соколов А.Н. Теория стиля. –М., 1968.
3. Волькенштейн. Драматургия. –М., 1969.
4. Поспелов Г.Н. Проблемы литературного стиля. –М., 1970.
5. Фролов В. Судьбы жанров драматургии. –М., 1979.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com